**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы
Медербек Асанбекович Сатыевдин кайрылуусуна байланыштуу
Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 92-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана 107-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2025-жылдын 19-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 92-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана 107-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карап чыгып,

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2024-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы М.А. Сатыевдин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 92-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 107-беренесинин 3-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95, 99-беренелерине ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 22-январындагы аныктамасы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы М.А. Сатыевдин жогоруда аталган сунуштамасы конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алынган.

Ишти Конституциялык соттун отурумунда кароо үчүн даярдоо амалдарынын жүрүшүндө, 2025-жылдын 17-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы М.А. Сатыев, койгон талаптарынан баш тартуу жана мурда берилген сунуштамасын кайтарып алуу жөнүндө өтүнүч менен Конституциялык сотко кайрылган.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, Конституциялык сот, арыз ээси талаптардан баш тартканда, Конституциялык сот тарабынан маңызы боюнча чечим кабыл алынганга чейин тарап маселени өз ыктыяры менен алып салганда иш боюнча өндүрүштү кыскартат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 2-бөлүгүн, 48, 49, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту,

**Т А П Т Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы Медербек Асанбекович Сатыевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз

Республикасынын Бюджеттик кодексинин 92-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана 107-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш кыскартылсын.

2. Бул аныктама акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№__________